Усулдук китепче

# «МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН »

УДК 322
ББК 86.3
М 22

Бул усулдук китепче Кыргыз Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын алкагында окуучулардын өлкөдөгү диний кырдаал жана диний уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө, ошондой эле мамлекеттик саясат боюнча маалыматтуулукту жогорулатуу максатында иштелип чыкты.

www.religion.gov.kg

***Жалпы редакция:*** О.А.Молдалиев

***Автордук коллектив:*** *З.Чотаев, Г.Исаева, З.Турсунбеков, Н. Шамралиев, А.Гайббаева, Н.Сманова, Э. Джунушалиева.*

М 22 **«Мамлекет жана дин»:** усулдук китепчеси – Б., 2015. - 38 б.

**ISBN 978-9967-04-684-9**

Колуңуздардагы басылма Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын эксперттери тарабынан даярдалып, КР Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен мектептеги мугалимдердин жана окуучулардын дин таануу билимин жогорулатуу максатындагы долбоордун адкагында жана Жалпы кызыкчыларды издөө уюмунун (SFCG) колдоосу менен басылып чыкты.

М 0403000000-15 УДК 322

ISBN 978-9967-04-684-9 ББК 86.3

# МАЗМУНУ

Киришүү....................................................................................................4

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттин светтик модели...........................................................................................5

Негизги милдеттүү билим: укуктар жана милдеттер...................8

Негизги дүйнөлүк диндер ..........................................................10

Исламдын негиздери..................................................................14

Кыргызстандын аймагындагы диний агымдардын тарыхы.........................................................................................17

Кыргызстандагы диний уюмдар жана агымдар..........................20

Кыргызстандагы салттуу исламдын баалуулуктары: ханафий мазхабы, матуридий акыйдасы....................................................25

Радикализм, экстремизм жана терроризм түшүнүктөрү............28

Экстремисттик агымдардын идеологиялары: чындыкпы же жалганбы?...................................................................................32

Ислам чыдамкайлуулуктун, ынтымактын жана биримдиктин дини...........................................................................................35

Корутунду...................................................................................36

# КИРИШҮҮ

Акыркы жылдарда Кыргызстанда коомдун руханий өнүгүүсүнүн бир багыты катары диний кайра жаралууну атап жүрүшөт, бир жагынан алып караганда эркин экономиканын өнүгүүсү жана демократиялык кайра куруулардын жыйынтыгы ушундай тыянак чыгараууга мүмкүнчүлүк берет. Ал эми башка жагынан алып караганда нигилизмдин күчтөнүүсүнүн өткөөл доору мурунку идеалдарды жокко чыгарууга жол ачты, либералдуу баалуулуктарды киргизүүгө жана индивидуализмге оң жагын тийгизген жамааттык моралдын түптөлүшүнө өбөлгө болот. Мындай шарттар түрдүү диний конфессияларды жана агымдарды Кыргызстан аймагында жайылтууну өнүктүрүүгө мүмкүндүк берди. Натыйжада 1990-жылдын экинчи жарымынан баштап акырындык менен өлкөдө динге ишенгендердин саны көбөйдү.

Кыргызстандагы диний абалдын өнүгүүсүн карап жатып бул процесстин негизги тенденцияларын белгилеп кетүү зарыл, алар: өлкөдөгү диний ишмердүүлүктүн проблемалык аспектисине оң таасирин тийгизет. Ошентсе да, бүгүнкү күндө диний жаатта атуулдардын радикалдашуу процесси дана байкала баштады. Бул өз кезегинде мамлекеттин светтик моделине потенциалдык коркунуч туудуруп атуулдардын эркиндигине, укуктарына, КРнын улуттук жана коомдук коопсуздугуна шек келтирет.

Ушуга байланыштуу дин жаатындагы мамлекетте жаралган саясатты ишке ашыруунун алкагында колуңуздардагы колдонмо орто мектептин жогорку класстын окуучулары үчүн иштелип чыгып, дин боюнча жаралган суроолорго жооп табууга жардам берет деген ишеничтебиз.

Бул колдонмонун негизги максаты орто мектептин окуучуларынын Кыргызстандагы диний абал, мамлекеттик саясат жана өлкөнүн аймагындагы диний уюмдардын ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтуулугун жогорулатуу болуп саналат.

Колдонмону окуу менен мектеп окуучулары дин тууралуу негизги түшүнүктөр, алардын түрлөрү, түрдүү диний агымдардын пайда болуусу менен тааныша алышат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИН СВЕТТИК МОДЕЛИ

Мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелерди аныктаган светтик мамлекеттин негиздеринин укуктуу түрдө бекитилиши XVIII-XIX кылымдарда орун алган адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин өнүгүү процесси менен байланыштуу.



Светтик маселени кароодо, светтик принциптин диндин мамлекеттик башкаруудан ажыратылгандыгын билдиргенин белгилеп кетүү керек. Башкача айтканда бул диний ченемдердин жана баалуулуктардын мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн негизин түзбөй тургандыгын түшүндүрөт.

Саясий-укуктук мааниде ажыратуу принциби мамлекеттин жарандарына белгилүү бир динди милдеттүү деп бекитүүдөн жана алардын диний ишенимдерин көзөмөлдөөдөн баш тартып, аларга тандоо укугун тартуулагандыгын билдирет. Бул тандоо укугу абийир жана дин тутуу эркиндиги түрүндө берилген. Абийир жана дин тутуу эркиндиги өзүңдүн диниңди тандоо эркиндиги менен гана чектебестен, өзүңдүн дүйнө таануу, жашоого болгон көз карашыңды (абийир эркиндиги) тандоо эркиндиги сыяктуу андан дагы терең түшүнүктү билдирет. Бул тандоо укугу мамлекет адамга (жаранга) тартуулаган жана адамдын (жарандын) диний тандоолоруна, этникалык жана гендердик таандыгына карабастан, бир гана өлкөнүн мыйзамдарында бекитилген жарандык-укуктук жоболорго таянып ал укугун кабыл алууга жана коргоого милдеттенген. Мамлекет бир гана жарандарына эмес, коомдук (диний) уюмдарга дагы мындай мамиле кылат. Ушинтип ал өзүнүн ар бир диндин жана диний уюмдун өкүлүнө бирдей (тең) болгон мамилесин баса белгилейт.





Бирок дүйнөлүк практикада көрсөтүлгөндөй, ар бир мамлекеттин өзүнүн көз карашы камтылган светтик принцибинин ар кандай моделдери бар. Мисалы, Францияда диний уюмдардын ишмердүүлүгү мамлекеттик башкаруудан ажыратылган. Орусия

светтик принцибин сактоо иретинде диндин мамлекеттен ажыратылган принцибинин аткарылышын катуу көзөмөлдөйт, бирок ошол эле учурда салттуу диний конфессиялардын потенциалын диалогду өнүктүрүү жана мамлекеттик саясатты колдоо максатында колдонгонго аракет кылат. Түркияда дин толугу менен мамлекеттик органдардын көзөмөлүнө алынган жана диний билим берүү программалары ыйгарым укуктуу билим берүү органдары тарабына бекитилген. Европа жана Американын кээ бир өлкөлөрүндө светтик принцип сакталбастан мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө диний риторика ачык түрүндө колдонулат.

Ал эми Кыргызстандын светтик модели Конституциянын жана учурда иштеп жаткан мыйзамдардын жоболоруна негизделип, жакында кабыл алынган диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясында кененирээк ачып берилген.

Өлкөнүн Конституциясына ылайык, “Кыргыз Республикасы – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет”. Аталган документте светтик принцибине төмөнкүдөй аныктама берилген: “Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес”, “дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган”, “диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат”.

Бирок ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндигин кепилдейт. Ар ким өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар



кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укугуна ээ. Ар ким диндик жана башка ишенимдерди эркин тандоого жана тутууга укуктуу. Эч ким өзүнүн диндик жана башка ишенимдерин билдирүүгө же алардан баш тартууга (атеизм) мажбурланууга тийиш эмес.

Светтик принцибин камсыздоо иретинде, Конституцияда диний, этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, ошондой эле диний уюмдардын конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, диний касташууну, социалдык артыкчылыкты жана дискриминацияны тутандырууга багытталган ишмердүүлүгүнө

тыюу салынган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамында диний өкүлдөрүн саясий партияларды колдоо иретинде агитация жүргүзүүсүнө, ар кандай агитациялык материалдарды басып чыгаруусуна жана жаюусуна тыюу салынган.

Дин тутуу эркиндиги жана мамлекеттин диний уюмдар менен болгон өз ара аракеттенүү боюнча позициясы Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрында кабыл алынган №282 “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзамында көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясында көрсөтүлгөн мамлекеттин светтик модели, негизинен, Конституциянын жоболоруна таянып жазылган. Бирок бул жерде анын негизги мүнөздөрү көрсөтүлүп толугураак ачып берилген. Бул моделге ылайык, диний уюмдар жана диний кызматкерлер мамлекеттик башкаруу жараянына кийлигише алышпайт жана саясий ишмердүүлүккө катыша алышпайт. Мисалы, ар бир жаран саясий жараяндарга (шайлоо, ж.б.) катыша алат, бирок ошол эле учурда саясий колдоо табуу максатында өзү мүчөсү эсептелген диний уюмдун ресурстарын колдоно албайт жана динди саясатташтыра албайт. Ал эми мамлекеттик мыйзамдар жана башка укук ченемдүү актылар аркылуу диний чөйрөнү жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүн мыйзам чегинде жөнгө сала алат жана салууга милдеттүү. Мамлекет дин тутуу эркиндигин камсыздайт ошондой эле өлкөдөгү баардык диний уюмдар мыйзамды бузмайынча жана жеке, коомдук жана улуттук коркунуч туудурмайынча, аларга бирдей мамиле кылат. Мындай учурларда, мыйзамсыз ишмердүүлүктү токтотуу жана алдын алуу боюнча мыйзам чегинде чаралар (санкциялар) көрүлөт. Диний уюмдардын ишмердүүлүгү динге ишенген жарандардын эркин тандоосунун натыйжасы болгон, жалпы жарандык мыйзамдарга каршы келбеген, мамлекеттик бийликтин жана өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары менен милдеттеринин аткарылышын диний уюмдарга тапшырылбаган жана мамлекеттик билим берүүнүн светтик мүнөзүн сактаган учурда гана ага уруксат берип таанылган болот.

Ошондой эле, Концепцияда Кыргызстандын калкынын 85%га жакыны өздөрүн мусулман деп эсептеген фактысы да баса

белгиленгенин айтып кетүү керек. Бул факт исламга көбүрөөк көңүл буруу керектигин түшүндүрөт. Ушуга байланыштуу, Өкмөт Кыргызстандагы радикалдуу исламдык идеологиялардын жана экстремисттик ишмердүүлүктүн жайылуусун эскертүү жана алдын алуу максатында исламдын (биздин аймакка салттуу келген) баалуулуктарын илгерилетүү үчүн шарттарды камсыздап берүүгө көмөк көрсөтөт.

## НЕГИЗГИ МИЛДЕТТҮҮ БИЛИМ: УКУКТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР



1959-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1386 (XIV) резолюциясында балдардын укуктарынын декларациясы жарыяланган. Аталган декларацияда биринчи жолу бала, жок дегенде башталгыч этапта бекер жана милдеттүү болгон билим алууга укуктуу деп бекитилген.

Баланын маданияттуулугун жогорулатыш үчүн, берилген бирдей мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, өзүнүн ой жүгүртүү жөндөмдөрүн чыңдоого, ошондой эле моралдык жана социалдык жоопкерчилиги жогоруу болгон, коомдун пайдалуу мүчөсү болууга багытталган билим алуусу зарыл.

Убакыттын өтүшү менен, аталган жобого 1989-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы менен кабыл алынган балдардын укуктарынын Конвенциясы менен колдоо көрсөтүлүп бүгүнкү күнгө чейин күчүнө кирип келүүдө. Конвеция ар бир өспүрүмдүн билим алуу укугун эске алып, жеткиликтүү билим принцибин ишке ашыруу боюнча тиешелүү көрсөтмөлөрдү камтыйт. Айрыкча, Конвенцияга мүчө болгон мамлекет баланын бул укугун бирдей мүмкүнчүлүктөрдө ишке ашыруу үчүн бекер жана милдетүү билим берүүсү, билим берүүнүн ар кайсы түрлөрүн, жалпы, орто жана кесиптик багытта өнүктүрүүсү зарыл. Бул мүмкүнчүлүктөр балдарга ачык жана бекер болуусу үчүн мамлекет тиешелүү иш-чараларды жүзөгө ашыруусу кажет. Бул иш-чаралардын катарына бекер билим берүү, керектүү учурда

каржылай жардам берүү жана жөндөмүнө жараша бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен жогорку билимди жеткиликтүү кылуу керек. Андан сырткары, мамлекеттин милдеттерине окучуулардын тынымсыз мектепке баруусуна көмөк көрсөтүү жана мектепке барбаган окучуулардын санын азайтуусу да кирет.



Балдардын укуктары жөнүндөгү Конвенция 1990-жылы 13-июнь күнү Советтер Союзунун Жогорку кеңеши тарабынан ратификацияланган. Аталган Конвенциянын жоболорундагы балдардын билим берүү укуктук мамилелеринде катышуусу Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана кийинки мыйзамдарында да орун алган.

Мисалы, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 4-беренисинде Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерде жана пакттарда, адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясында жарыяланган принциптерге, демократиянын жана элдин гумандуу баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделет деп белгиленген.

Билим берүүнүн негизги принциптеринин бири катары ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз баштапкы жана негизги жалпы билим алуу, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда акысыз орто жалпы билим алуу болуп саналат;

Мыйзамга ылайык бала үчүн баштапкы жана негизги жалпы билим алуу милдеттүү болуп саналат.

Мыйзамдын 11-беренесинде Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн 4 программасы көрсөтүлгөн. Алар: мектепке чейинки билим берүү, башталгыч жалпы билим берүү, негизги жалпы билим берүү, орто жалпы билим берүү жана кошумча билим берүү.

Мыйзамдын 16-беренесине ылайык Жалпы башталгыч (1-4-класстарды) жана жалпы негизги (5-9-класстарды) мектепте окуу Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн милдеттүү, ал эми мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында - акысыз болуп саналат.

## НЕГИЗГИ ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕР

**Дин деген эмне?**

**Дин** – деген сөз араб тилинен (دين) кудайга ишенүүгө негизделген көз караштар менен кыймыл-аракеттерди камтыган рухий дүйнөтааным.

Бүгүнкү күндө биз дин деп – ар кыл өзүнө камтыган ишенимдердин көрүнүшүн айтабыз. Мисалы бир кудайга (монотеизм), же көп кудайга (политеизм) ишенүү; күнүмдүк жашоодогу элдердин жүрүш-турушу; элдердин диний кыймыл-аракеттерге катышуусу, башкача айтканда кудай жана арбактардын дүйнөсү менен байланыштырган ырым-жырымдар.

## ДҮЙНӨДӨГҮ ДИНДЕР

**ДҮЙНӨЛҮК**

1. ХРИСТИАНЧЫЛЫК
   - православ чиркөөсү
   - католик чиркөөсү
   - протестантизм
2. ИСЛАМ
   - сунниттер
   - шииттер
3. БУДДИЗМ

**УЛУТТУК**

ИНДУИЗМ
СИКХИЗМ
СИНТОИЗМ
ИУДАИЗМ
КОНФУЦИЙЧИЛИК

**АЛГАЧКЫ ИШЕНИМДЕР**

ФЕТИШИЗМ
ТОТЕМИЗМ
ШАМАНИЗМ
СЫЙКЫРЧЫЛЫК

Дин эзелки замандарда эле пайда болгон. Эң эски адамдардын дини алгачкы ишенимдер деп аталат. Алгачкы ишенимдердин катарына фетишизм, тотемизм ж.б. кирет.

Бара-бара дүйнөдө көптөгөн ар түрдүү диндер жаралат. Өздөрүнүн диндерин Египет, Индия, Греция, Рим ж.б. элдери тутунушкан. Бул диндер байыркы деп аталат. Мисалы "Байыркы Грек уламыштары" китебинен кудайлардын пантеону белгилүү.



*Зевс.
Эски айкел.*

Тарыхта көптөгөн элдер өздөрүнүн улуттук диндерин жаратышкан. Мындай диндердин өкүлдөрү негизинен бир гана улутка таандык болушкан. Алардын ичинен эң таанымал болгондору – индуизм (индустардын дини) жана иудаизм (жөөттөрдүн дини).

Ошентип убакыттын өтүшү менен диндер пайда болуп кийин алар дүйнөлүк деп аталат. Бул диндерди тутунгандар ар кайсы улуттарга

таандык болушуп ар кайсы өлкөлөрдө жашашат. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк диндер болуп буддизм, христиан жана ислам диндери эсептелинет.



**Буддизм** – дүйнөлүк диндердин ичинен эң алгачкылардан болуп б.з.ч. VII - V к.к. пайда болгон дин. Дүйнө жүзү боюнча аны тутунган-дардын саны 480 млн., ал эми кечилдеринин саны 1 млн. Негиздөөчүсү б.з.ч. 566-486жж. жашаган Будда (санскритчеден Касиеттүү) деген ат менен белгилүү Сидхарта Гаутама (Шакьямуни) эсептелинет.

Будда Түндүк Индия мамлекеттеринин биринин падыша уулу болгондугу айтылат. Ал 28 жашка чейин падыша сарайында токчулукта жашап, кандайдыр бир себептер менен сарайдан сыртка чыгат да элдин ачарчылыкта, жокчулукта күн өткөргөн башкача жашоону көрөт. Бул окуядан кийин анын жашоого болгон көз карашы өзгөрөт. Ал өз каалоосу менен сарайды жана үй-бүлөсүн таштап дервиш болуп кетет. Жети жыл дүйнөлүк жашоо жыргалы-нан баш тартып такыбалык турмуш өткөрүү менен күнөөдөн арылып ал касиеттүү болот. Калган кырк жылдык жашоосун ал Индияны кыдыруу менен окуусун үйрөтүп анын жолун жолдогондордун жамаатарын негиздейт. Сидхарта Гаутама өлгөндөн кийин гана ал кудай катары көрсөтүлө баштаган.

Буддизмдин негизги жоболору Типитак (которулушу “үч себет”) деген ыйык тексттерде жазылган. Бул окуунун маңызы Будда тарабынан айтылган “4 асыл акыйкатта” берилген:

1) Жашоо маңызы бул азап чегүүнүн өзү;
2) Азап чегүүнүн булагы – жашоого берилүү;
3) Азаптан кутулуу үчүн жашоого берилүүдөн кутулуу керек;
4) Азаптан кутулууга алып бара турган жол бар.

Буддисттер азаптан кутулуунун бул жолун “сегиздик” жана “ортолук” деп аташат. “Сегиздик” же башкача айтканда “сегиз баскычтуу жол төмөндөгү туура мүнөздөр менен камтылган: 1) туура көз караш; 2) туура ниет; 3) туура сөз; 4) туура иш; 5) туура жашоо (кечилдик); 6) туура аракет (күчтү өз ыгы менен туура жакка багыттоо); 7) туура аңдоо (медитации); 8) ойду бир жерге туура топтоо (концентрация)”.

“Сегиздик” жол эки чектин: ашыкча сезимдерге толгон жашоо жана дүйнөлүк нерседен баш тарткан руханий жашоонун ортосунда болгондуктан “орто” болуп эсептелинет. Бул жолду


басып өткөндөн кийин “нирванага” жетсе болот. “Нирвана” – бул жыргалчылыктын жана тынчтыктын абалы.

**Христианчылык**

Христиан дини Буддизм менен бирге эле өзүнүн көпчүлүк тарапкерлери менен дүйнөлүк диндердин катарына кирет. БУУнун маалыматына караганда дүйнө жүзүндө 2,419 миллиард христиандар жашайт.

Христиан дини б.з. I кылымында Палестинада пайда болгон. Христианчылык үч негизги багыттагы мүнөздү камтыган бириктирүүчү терминди түшүндүрөт: православ-дык, католиктик жана протестанттык. Ал эми бул чоң багыттар өз кезегинде майда ишенимдерге жана диний уюмдарга бөлүнүшөт. Бирок баары бир буларды бириктирген жалпы тарыхый тамыры, белгиленген жоболору жана диний ырым-жырымдары бар.

Христианчылыктын маңызында кудай сымал адам Иса Машаяктын образы турат. Христиан дини боюнча, Иса бүткүл адамзаттын күнөөсү үчүн азап чегүү менен өлүмдү кабыл алып өзүн курмандыкка чалган. Ал адам баласынын күнөөлөрүн жууп кудай менен жакындаштырган. Өзүнүн кайра тирилүүсү менен ал, ага ишенгендерге жаңы жашоонун жана Кудайдын падышалыгында кудай менен биригүүнүн жолун көрсөткөн. “Машаяк” сөзү – бул ат же фамилия эмес, адамзат тарабынан Исага ыйгарылган макам сыяктуу “куткаруучу” маанисиндеги аталыш.




Христиандардын ыйык китеби “Библия” деп аталат. Ал эки бөлүктөн турат: Тоорат жана Инжил. Алгачкы христиандардын улуту жөөттөр жана диний көз караштары иудаизм болгондуктан

Тоорат – иудаисттердин ыйык китеби болуп саналат. Ал эми Инжил христиан динин негиздеген Иса Машаяктын жашоосунун урунттуу учурларын жана анын окуусунун негиздерин чагылдырган китеп болуп саналат. Инжил төрт бөлүктөн турат. Анын мааниси – кубанычтуу кабар дегенди билдирет.

Ислам – арабчадан "моюн сунуу" дегенди билдирет. Ал эми аны кабылдаган адам "мусулман" – башкача айтканда "моюн сунган" деп аталат. Ислам динин тутунгандарынын саны боюнча экинчи орунда турган дүйнөлүк дин. Ислам динин дүйнөнүн 120 өлкөсүндө 1,5 миллиарддын тегерегиндеги адам тутунушат. Ал эми дүйнөнүн 28 өлкөсүндө ислам дини мамлекеттик же ырасмий дин катары кабыл алынган (Египет, Иран, Ирак, Кувейт, Марокко, Сауд Арабстан, Пакистан ж.б.). Мусулмандардын басымдуу бөлүгү Азия континентинин Батыш, Түштүк, Түштүк-Чыгышында жана Түндү Африкада жашашат. Биздин өлкөдө ислам динин кармангандардын саны 80%дан ашып негизги этно-конфессиялык топту түзөт.

Дүйнөлүк диндердин арасында ислам эн жаш дин. Ошондой эле исламдын иудаизм жана христиан диндери менен бирге жалпы негизи бар болуп, бир кудайга табынуучулугу менен гана айырмаланат. Ислам дини б.з. VII кылымында Араб жарым аралында пайда болгон. Анын негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбар (570-632) эсептелинет. Ал бир гана кудай Аллах бар, жана калган адамзаттын баары анын буйруктарына моюн сунуу менен акыр заман болгончо ага кызмат кылып, акыреттеги анын адилеттүү бийлигине баш ишениш керек.

## ИСЛАМДЫН НЕГИЗДЕРИ

Бул бөлүмдө ислам жана мусулмандар жөнүндө сөз кылынат. Алар Кыргызстанга салттуу болгон башка диндер катары баалуулуктарды жана кыргыз салттарын бириктирип, 14 кылым мурдагы диний балуулуктар менен азыркы коомдун нормаларын бириктире алган жаңы муунду түзүүгө аракеттенишет.

Мусулмандар **"Исламдын шарттары"** жана **"Ишенимдин шарттары"** деп көрсөтүлгөн принциптерди карманышат.

**«Исламдын шарттары»** - бул исламды тутунуу үчүн милдеттүү болгон амалдар болуп саналат: *биринчиден*, мусулман жалгыз гана Аллага ишенет; *экинчиден*, бир күндө беш жолу намаз окуйт; *үчүнчүдөн*, Рамазан айында орозо кармайт; *төртүнчүдөн*, жылына бир жолу зекет берет башкача айтканда муктаж болгондорго кайрымдуулулук кылат, жана *бешинчиси*, өмүрүндө бир жолу болсо да, мүмкүнчүлүгүнө жараша, ажылык зыяратына барат.




**«Ишенимдин шарттары»** - исламдын негизги мазмун-дарына төмөндөгүлөр кирет:

1. Аллахтын жалгыздыгына ишенүү;
2. Периштелерине ишенүү;
3. Ыйык китептерине ишенүү;
4. Пайгамбарларына ишенүү;
5. Кыямат күнүнө ишенүү;
6. Жакшылык жана жамандык Аллахтан деп билүү.

Демек, "Исламдын шарттары" башка диндерден практика жагынан айырмалап турса, ал эми "Ишенимдин (Ыймандын) шарттары" диндин негизи болуп саналат.

Мусулмандардын ыйык билдирүүлөрүнө Кудай тарабынан элдерге, өзүнүн акыркы Пайгамбары Мухаммед аркылуу түшүрүлгөн Ыйык Китеби – Куран жана Куранды толуктаган, Жараткандын элчисинин жашоо түрү жөнүндөгү насаат иретинде айтылган сүннөттөр кирет.



Куран 114 бөлүмдөн турат, ар бир бөлүм сүрө деп аталат жана ар биринин өзүнүн аты бар. Көбүнчө сүрөнүн аталышы сүрөдө көтөрүлөн маселелерден же ал жердеги бир сөздөн келип чыгат. Сүрөлөр өз кезегинде 6236 аяттан турат

(араб. «белги», «укмуш»). Аяттар азаюу тартибинде турат, сүрөнүн көлөмү аз болсо анын иреттеги номуру чоң болот, бирок, тизмеден тышкары болгондору да болот.

Адамдарга орозо айынын Кадыр түн күнү Ыйык Куран биринчи жолу түшүрүлгөн, жана кийинки 23 жыл бою түшүрүлүп келген.

Куранды жана Пайгамбардын айткан жана кылган иш аракеттерин жазган бир канча жазуучулар болгон. Айрым булактарга ылайык 25тен 60ка чейин жеткен. Пайгамбар жашаган жылдары Куран жана сүннөттөр бир китепке чогултулган эмес, себеби Алладан билдирүүлөр түшүп турган. Билдирүүлөр кээде жазылып, көбүнчөсү жатка алынып турган.

632-жылы Пайгамбар өлгөндөн кийин, адилеттүү халиф Абу Бакр бийлик жүргүзүп жатканда билдирүүлөр бирдиктүү китеп Куранга жазыла баштаган.

Ахли Сунна валь Жамаат деген эмне?

Мухаммед Пайгамбар: “Менин үммөтүм 73 агымга бөлүнөт, алардын ичинен бирөөсүнөн башкасынын баары тозокто болот”, - деп айтат. Ошондо Пайгамбардан, ал кайсыл агым - деп сурашканда, ал: “Өздөрүнүн ойлорунда жана иш аракеттеринде менин жана мени жолдогон сахабалардын жолун жолдогондор” – деп жооп берген.

Ахли Сунна валь Жамаат (Сүннөт жана тынчтыктын адамдары) – Мухаммед Пайгамбардын жашоосундагу оозеки түрүндө айтылган жана кылган иш аракеттеринде көрсөтүлгөн принциптерин карманган мусулмандар. “Сүннөттү кармануу” бул акыркы Пайгамбардын жашоо түрүн кармануу дегенди билдирет.

Бүгүнкү күндө Ахли Сунна валь Жамааттын өкүлдөрү – бул исламдагы төрт укуктук мектептердин Ханафий, Маликий, Шаафий жана Ханбалий мазхабын жактоочулары. Бул укуктук мектептер бири бирине каршы болбогон, бирок айырмачылыктары бар болгон туура мазхабдар болуп эсептелинет, себеби Пайгамдар бул жөнүндө башында эскертип кеткен.

Суннитер жана Шийиттер

Мусульмандар эки негизги багытка бөлүнөт: суннитер жана шиитер, алар саясий себептерден бөлүнүшкөн. Төртүнчү халиф Али бин Абу Талибдин өлүмүнөн кийин анын ордун ким ээлеш керек деген суроолор башталган. Мусулмандардын кээ бирлери Али Мухаммед Пайгамбардын күйөө баласы болгондугунан улам

Алинин тукумуна өтүшү керек деп айтышкан. Аталган мусулмандарды “шийиттер” деп атап калышкан, араб тилинен которгондо “Алинин партиясы” дегенди билдирет. Ал эми суннитердин көпчүлүгү шийиттер келтирген ойлорго күмөн санап, халиф Алинин ордуна Мухаммед пайгамбардын сахабалардан коюуну сунушташкан. Алар бул пикирин сүннөттөргө таянып айтышкан. Бул жагдай натыйжада ислам коомчулугунун эки бутакка бөлүнүүсүнө себеп болгон. Эки бутактын негизги айырмачылыктары, сунниттер Мухаммед Пайгамбарды кабыл алышса, шийиттер Алини кадырлашат. Шийиттер далил катары Алини Мухаммед Пайгамбардын тууганы болгонун айтып келишет.

Ошондой эле имамдын мааниси суннитер менен шийитерде айырмаланып турат. Сунниттер үчүн имам бул диний жетекчи, ал эми шийиттер үчүн имам бул мусулман коому менен Жаратkандын ортосундагы байланышты курган диний башчы (лидер). Дагы бир айырмачылык бул шийиттерде азап көрүүчүлүктү ардактоо болуп саналат, өзгөчө Али жана анын небереси Хасанды өлтүрүлгөн күндөрү шийиттердин көпчүлүгү өзүн өзү уруп-согуп кыйнашат.

КМШ өлкөлөрүндө шийиттерге азербайжандар кирет. Ырасмий шийиттик мамлекет катары Иран мамлекети эсептелинет. Биздин өлкөдөгү мусулмандардын көпчүлүгү сунниттерге кирет.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ ДИНИЙ АГЫМДАРДЫН ТАРЫХЫ



Кыргызстан – байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейин ар кандай маданияттардын жана цивилизациялардын катмарлары сакталып келген саналуу өлкөлөрдүн бири. Тарыхтан белгилүү болгондой, орто кылымдарда өлкөбүздүн аймагынан Улуу Жибек жолунун бир бутагы өткөн. Бул факт ар кандай цивилизациялардын, өлкөлөрдүн жана элдердин ортосундагы бир гана соода-материалдык эмес, маданий баалуулуктардын дагы алмашуусуна шарттарды түзгөн. Бул жерде кылымдар бою перстер, кытайлар, түрктөр, моңголдор, кыргыздар, орустар ж.б.у.с. чоң этностордун кызыкчылыктары жана маданиятаттары жуурулушкан. Бул

аймакта зороастризм, ислам, христиан, буддизм жана башка агымдар ынтымакта, кээде бир-бирине катаал каршылык көрсөтүшүп бирге жашашкан.

Орто кылымдардын жаңы жана эң жаңы доордун көптөгөн элдеринин коомдук-саясий, маданий жана диний жашоосундагы исламдын ролу Кыргызстандын аймагында маанилүү болгон. Кыргызстандын жана аймактык өлкөлөрдүн коомдук жашоосуна ислам өзүнө мүнөздүү болгон диндин, саясий жана укуктук ченемдердин, адеп-ахлактык жана турмуштук эрежелердин синтези катары кирген. Көптөгөн чыныгы мусулмандар үчүн ислам жөн гана ишеним эмес, жашоо түрүнө дагы айлангандыгы сыр эмес. Мындан тышкары, тарых тастыктагандай, мурун, Кыргызстандын аймагында жайгашкан көптөгөн мамлекеттер исламды мамлекеттик дин деп белгилешкен.

Совет доорунда бир гана исламга эмес, башка диний конфессияларга дагы өзгөчө мамиле калыптанган. Социализм доорунда диний конфессиялардын ишмердүүлүгүнүн чектелгендиги бир катар тарыхый-саясий фактылар тарабынан тастыкталат. Совет бийлигинин жана коммунисттик идеологиянын жылдарында диний конфессиялардын ишмердүүлүгү катуу чектелген.

Республиканын эгемендүүлүктү жана көз карандысыздыкты алышы жана жарандардын аң-сезиминин жогорулашы дин тутуу эркиндигине болгон баардык тыюуларды жана чектөөлөрдү алып салды. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында коомдун демократиялашуусуна жаңы реалдык шарттарды түзүп берүү жараяны көбүнесе республикадагы диндердин жана диний конфессиялардын толук кандуу өнүгүшүнө жардам берген.

Жаңы жашоо диний абалдагы маанилүү өзгөрүүлөргө керектүү шарттарды түзүп берди. Жарандардын дин тутуу эркиндиги ишенимдин чексиз эркиндигине алып келди. Мунун натыйжасында, Кыргызстандын аймагында көптөгөн диний агымдар, окуулар, жамааттар, жадагалса экстремисттик жана террористтик мүнөздөгү диний партиялар пайда болгон. 20-кылымдын аягы жана 21-кылымдын башы буга чейин белгисиз болгон, адамдардын диний жашоосу үчүн активдүү күрөш жүргүзүшкөн диний агымдардын пайда болушу менен өзгөчөлөндү.

1990-жылдардын башында Кыргызстандын диний коомчулугу өзүн, негизинен, эки диний конфессияга – сунний исламга жана

православдык христианчылыкка кошуп келген, ал эми мурунку СССРдин аймагында баптисттердин, адвентисттердин, элүүнчүлөрдүн, католиктердин жана Жахабанын күбөлөрүнүн жамааттары ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн. Азыркы учурда Кыргызстан, диний уюмдардын ишмердүүлүгү үчүн түзүлгөн либералдуу шарттардын натыйжасында, аймагында 23 диний агым бар болгон көп конфессионалдуу өлкөгө айланды. Бүгүнкү күндө дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан 2814 диний уюм катталган.

1990-жылы СССРдин ыдыроо учурунда Кыргызстанда 39 мечит ишмердүүлүгүн жүргүзсө, учурда 2362 мечит ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Диний багыттагы объекттердин санынын дүркүрөгөн өсүшүнө көбүнесе араб (Сауд Аравия, Египет, Кувейт), пакистандык, түрк жана ирандык диний уюмдардын жана ишкерлердин таасири жана каржылык жардамы түрткү болду.

Кыргызстандагы диний абалды анализдеп жатып бүгүнкү күндө өлкөдө христиан багытындагы уюмдардын дагы саны өсүп жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Бул факт жарандардын абийир жана дин тутуу эркиндигин ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Кыргызстандагы христиан диний уюмдарынын жалпы саны 380ди түзөт.Орус православ чиркөөсүнүн Бишкектик жана Кыргызстандык Епархиясы эң ири христиан диний уюму болуп саналат. Башка диний уюмдарды алып карасак: өлкөдө 1 буддист, 1 иудаист жана 12 бахаи жамааты катталган. Ошондой эле, көптөгөн диний уюмдар өздөрүнүн диний ишмердүүлүгүн мыйзамсыз түрдө, негизинен, коомдук жана кайрымдуулук уюмдар катары жүргүзгөндүгү маалым.



Бүгүн Кыргызстан – көп конфессионалдуу өлкө. Албетте, конфессиялардын көбү өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө чогуу тынчтыкта жашоо принцибин карманышат. Бирок, маселе алардын баардыгынын мындай эместигинен келип чыгууда. Көптөгөн диний жамааттардын адамдардын акылы үчүн күрөшүүдө жаңы тарапташтарды тартуунун мыйзамсыз, жол берилгис ыкмаларын жана жолдорун колдонгондору байкалууда. Учурда Кыргызстандагы диний коомчулуктун жана улуттардын

көптөгөн өкүлдөрү батыш диний уюмдар жана агымдар тарабынан ар кандай акциялардын уюштурулуусу боюнча тынчсызданишин билдиришип, кийинки диндер аралык мамилелердин курчушун болтурбоо максатында ал акциялардын ачык өткөрүлүшүнө каршы чыгышууда. Өлкө өзүнчө бир эки полюстун тирешүү аренасына айланып калгандай: бир тараптан - классикалык, салттуу деп эсептелинген ислам жана христианчылыктын (православие) өкүлдөрү, экинчи тараптан - жаңы салттуу эмес, саны 30га жеткен агымдардын өкүлдөрү.

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ УЮМДАР ЖАНА АГЫМДАР




Мурунку бөлүмдөрдө Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүгүн жүргүзгөн диний уюмдардын жана агымдардын саны тууралуу маалымат берилген. Эми биз алардын кээ бирөөлөрүнүн ишмердүүлүгүнө кыскача токтолуп кетмекчибиз.

Катталган диний уюмдардын эң ириси Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (КМДБ). КМДБ – республиканын аймагындагы баардык мусулмандарды, мусулман диний уюмдарды, коомчулуктарды, мечиттерди, окуу жайларды, фонддорду жана башка исламдык структураларды бириктирген жана көзөмөлдөгөн эң ири коомдук уюм. Бул уюм Кыргызстандагы баардык мусулмандардын өкүлү болуп саналат жана казы деп аталган диний башчылар тарабынан жетектелген облустук жана республикалык маанидеги Бишкек жана Ош шаарларынын деңгээлинде иш алып барган кеңири казыяттар (өкүлчүлүктөр) тармагына ээ. Район деңгээлиндеги башчы башкы-имам деп аталат. Ал эми ар бир мечитти имам жетектейт.

Уюм өз ишмердүүлүгүн алып баруудa Ыйык Куран жана Пайгамбардын Сүннөтү сыяктуу исламдын баалуулуктарына, ошондой эле ханафий мазхабынын диний практикасына таянат.

КМДБдан кийин жактоочу-ларынын саны боюнча экинчи орунду Орус православ чиркөөсү ээлейт. Орус православ чиркөөсү 1871-жылдын 4-майында Орус империясынын императору тарабынан кабыл алынган. Ташкенттик жана Түркстан Епархиясынын ачылышы жөнүндөгү Жарлыгынан

кийин расмий түрдө түзүлгөн. 2011-жылдын декабрь айында Ташкенттик Епархиясынан Орус православ чиркөөсүнүн Бишкектик жана Кыргызстандык Епархиясы алынып өзүнчө түзүлгөн. Бирок тарыхый жана археологиялык маалыматтарга ылайык, христианчылык бул жерлерде мындан дагы мурун пайда болгон. Бул маалыматтарды археологиялык казуулар жана ошол замандагы тарыхый жазуулар далилдейт.



Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын январь айындагы маалыматына ылайык, өлкөдө 51 чиркөө (храм), алардын ичинде республика боюнча кайрымдуулук менен алектенген христиан-православ багытындагы диний окуу жайлар катталган.

Бишкектик Епархиясы менен бирге Кыргызстанда Католик жана Лютерандык чиркөөлөр сыяктуу диний уюмдар дагы катталган.

Католицизмдин жактоочуларынын саны аз: Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2014-жылдын январь айына болгон маалыматына ылайык, өлкөдө 4 католик коому (приход) жана бир миссиясы бар. Миссинердик ишмердүүлүк Бишкекте жүргүзүлөт, ошондой эле Жалал-Абадда бир коому (приход) бар.

Республикадагы лютеранчылыктын өкүлдөрү, негизинен, СССР мезгилинде депортацияланган немистертерден түзүлгөн. Алар Нарын жана Баткен шаарларынан тышкары республиканын баардык аймактарында иш алып барышат. Өлкөдө жалпысынан 20 лютерандык багыттагы чиркөө бар.

Иудаист жамааты. 1100дөн ашык жөөт жашап жаткан Бишкекте бир синагога өз ишин алып барат. Кыргызстандын аймагында алгачкы бухаралык жөөттөр Фергана өрөөнүнүн аймагында болжолдуу түрдө 15-кылымда отурукташкан. 1941-жылдын аягында Фрунзе шаарында биринчи синагога негизделген. Кыргызстандагы жөөттөр жамааты өз элинин салттарын бекем сактоо менен бирге кыргыз жериндеги этностор жана конфессиялар аралык биримдикти бекемдөөсүнө катышып келет.

Кыргызстанда буддизм Чамсен деп аталган борбордо катталган диний жамаат менен көрсөтүлгөн. Бишкекте Пористин храмы

иштейт. Ал жерде мезгил-мезгили менен кореялык монах Пубун Сыним кызмат кылганы менен, уюмдун өзүнүн ишмердүүлүгү жергиликтүү жашоочулар тарабынан жүргүзүлөт.

Тарыхчылардын айтканы боюнча, махаяна багытындагы буддизм 8-кылымдагы арабдардын жортуулуна чейин азыркы Түркмөнстан, Өзбекстан жана Кыргызстандын аймактарында тараган. Кыргызстанда VI-X-кылымдардагы уйгурлар же батыш түрктөр тарабынан калтырылган буддист монастырларынын калдыктары табылган. Мисалы, Краснореченск айылында (орто кылымдагы Невакет) боек менен тартылган сүрөттөрдүн жана айкелдердин баалуу фрагменттери, ошондой эле уктап жаткан Будданын монументалдык айкели табылган.

Бахаи ишеними (араб. “даңк, жаркылдоо”) – негизги принциби жалпы адамзаттын бир үй-бүлө болгондугу жана адамзаттын тынч дүйнөлүк коомчулук менен биригүүгө убакыт келгендиги жөнүндө ойдо камтылган көз карандысыз дин. Бул диндин негиздөөчүсү – персиялык Мирза Али-Мухаммед (1819-1850).

Бахаи окуусуна ылайык, тарыхтын ар бир мезгилинин өзүнүн дини болот жана ал динге өзунчө мөөнөт берилген.

Бахаизм төмөнкү 7 башкы принципке ээ:

1. Баардык өлкөлөрдүн саясаттарындагы биримдик;
2. Баардык дүйнөлүк саамалыктардагы ой биримдиги;
3. Эркиндиктин биримдиги;
4. Диндин биримдиги;
5. Улуттардын биримдиги;
6. Расалардын биримдиги;
7. Тилдердин биримдиги.



Кыргызстанда аталган диний жамааттын жактоочулары 1990-жылдардын башында пайда болушкан. Кыргызстан-дын аймагында бахаи негиздеринин муундан муунга өткөрүлүп берилиши чыгармачылык – аталган диний бирикменин жактоочуларынын нацизмге жана расизмге болгон терс мамилесин көрсөткөн ырлар жана бийлер - аркылуу жүргүзүлгөн. Жамааттын жактоочулары баардык этносторду жана конфессияларды биригүүгө үндөйт.

Мындан тышкары, өлкөбүздө Кыргызстан аялдарынын “Мутакаллим” прогрессивдүү бирикмеси, “Адеп башаты” коомдук прогрессивдүү фонду, “Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштарынын ассамблеясы” диний уюму, “Ыйык биримдик” сыяктуу диний уюмдар бар. Аталган уюмдардын негизги максаты

- кайрымдуулук иштери жана өсүп келе жаткан муундардын арасында диний-тарбиялык ишмердүүлүк жүргүзүү.

Катталбаган исламдык кыймылдарга жана агымдарга салафизм, исмаилизм, “Таблиги жамаат” жана башкалар кирет.

Салафизм – ислам тарыхында кээ бир дин кызмат-керлерин бириктирген ар түрдүү мезгилдердеги жаңы колдонууга киргизилген баардык нерселерди коркунучтуу деп эсептеген диний агым. Салафизмдин башка ишеним-дерден (ашария, матуридия) болгон айырмасы - Куранда жазылаган нерселер кандай жазылган болсо, ошол бойдон кабыл алынып, өткөн кылымдарда кандай аткарылса, дал ошондой аткарылышы керек деген түшүнүк. Салттуу исламды тутунгандарды ыймансыздыкка жана адашууга айыптап, жихадга үндөгөн радикалдуу багыттагы салафизм, салттуу исламга жана өлкөнүн коопсуздугу үчүн абдан коркунучтуу болуп эсептелинет.

“Таблиги жамаат” – 1926-жылы Индияда суфий орденинин өкүлү шейх Мухаммад Иляс тарабынан негиз-делген диний кыймыл. Кыймылдын башкы максаттары болуп исламды калктын кеңири катмарларынын диний жандандыруусун ишке ашыруу жана социалдык жана экономикалык статустарына карабастан баардык мусулман-дарды Мухаммед Пайгамбар көрсөткөн диний практикасын сактоого чакыруу (даават) болуп саналат.

Кыргызстанда христиан мүнөзүндөгү диний уюмдар жана агымдар дагы абдан көп. Алардын ичинен Евангелисттик христиан-баптисттер, Жетинчи күндүн адвентисттери, Жахаба күбөлөрү ж.б. катталган. Биздин калкка өзгөчө алардын ар кандай басылмалары жана баракчалары таанымал.



Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын маалыматына ылайык, Кыргызстандын аймагында Сайентологиялык чиркөө жана Мун чиркөөсү мыйзамсыз түрдө иштерин жүргүзүшүүдө. Алар өздөрүнүн катарына жаңы мүчөлөрдү адамдын жан дүйнөсүнүн эң сезимтал жактарына багытталган окутуучу семинарлар аркылуу үндөшөт. Саентологдордун жана мунисттердин жаңы мүчөлөрдү тартуу боюнча негизги жумушу ЖОЖдордо окуган жаштарга багытталган.

Тартууланган консультациялык кызматтардын мүнөзү тууралуу саентологиянын негиздөөчүсү болгон Рональд




Хаббардын төмөнкү сөздөрүнөн чечим чыгарууга мүмкүн: “Бай болгун келсе – өзүндүн динինди чыгарып таап. Уятсыз бол. Бай бол!” Мына, демек, ушул сөздөрүнөн үчүн саентологияны - дин деп аталбайбыз. Анткени, анын негиздөөчүсү уятсыздыкка жана өзүмдүүчүүлүккө чакырат.

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЛТТУУ ИСЛАМДЫН БААЛУУЛУКТАРЫ: ХАНАФИЙ МАЗХАБЫ, МАТУРИДИЙ АКЫЙДАСЫ



Ислам дининин Кыргызстанга келгенине он эки кылымдан ашты. Он эки кылымдан бери ислам дини, кыргыздардын тарыхы, маданияты, салт-санаасы жана үрп-адаты менен эриш-аркак жашап келет. Бул аралыкта кыргыздар бир жол, бир багыт жана бир көз караш менен бир кудайга кулчулук кылып келишкен. Үй-бүлөдөгү баланын төрөлүшүндөгү азан чакырып ат коюу, андан кийин сүннөткө отургузуу, үйлөнгөндө нике кыюу, каза болгон адамга жаназа окуу, өтүп кеткендердин арбактарына куран окуп сообун багыштоо ж.б. ислам дининин каадалары элдин жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланышып, натыйжада салттуу динине айланат. Ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин исламдын бийик баалуулуктарын карманган ата-бабалардын каада-салттары жана бизге калтырып кеткен руханий мурасы – салттуу ислам дини болуп саналат. Кыргызстан мусулмандары үчүн ислам дининин салттуу баалуулуктары болуп ханафий мазхабы менен матуридий акыйдасы эсептелинет.

Мазхаб – бул дин илимдеринин мектеби деген маанини билдирет. Ал эми ханафий сөзү ошол мектепти негиздеген имам Абу Ханифа  Нугман бин Сабиттин атынан коюлган.

Акыйда – бул ишеним жана ынаным туурасындагы илим. Ал эми матуридий сөзү ошол илимди терең изилдеп уланткан имам Абу Мансур Аль-Матуридинин атынан коюлган.

Алла тааланын акыркы элчиси Мухаммед пайгамбар тирүү кезинде ислам done чечилбеген бир дагы маселе болгон эмес. Бирок ал жана аны көргөн жолдоштору дүйнөдөн өткөндөн кийин

дин жаатында ар түрдүү оор жана кайчылаш маселелер пайда болот. Аларды чечүү үчүн динди жакшы билген адистер керек болгон. Ушундан улам динди мыкты өздөштүргөн көрүнүктүү төрт аалым пайда болот. Алар Мухаммед пайгамбардан калган улуу мурасты туура тажрыйба менен колдонууну шакирттерине үйрөтүп эмгек кылып калтырып кетишкен. Натыйжада ислам укуктук мектептери же болбосо мазхабдар пайда болот. Алар Ханафий мазхабы (имам Абу Ханифа Нуман бин Сабит 699-767), Маликий мазхабы (имам Малик бин Анас 713-795), Шаафий мазхабы (имам Мухаммед Шаафий 767-820) жана Ханбалий мазхабы (имам Ахмад бин Ханбаль 780-855).

Ханафий мазхабынын калган үч мазхабдан айырмасы, өзүнүн көз-карашка жана акыл жүгүртүүгө терең көңүл буруусунда болуп, мамлекеттик саясатка, элдин маданиятына жана каада-салтына каршы чыкпастан, динди элге жеңил түрдө жеткирүүнү негиз катары караган. Натыйжада исламдын таралышы менен Абу Ханифанын окуусу дүйнө элдерине, анын ичинде Борбор Азия элдеринде кеңири жайылат.



Имам Абу Ханифанын акыйда жаатындагы жолун жолдоп бир нукка салган Самаркanddык Абу Мансур Аль-Матуридий (940-ж.ө.) деген аалым чыгат. Анын окуусундагы акыйда маселеси акыл менен ой-пикирге таянып кудайды тануудa болгон. Алла тааладан түшкөн Куттуу Куран менен Мухаммед пайгамбардын осуяттарын акылдын чегинде түшүндүргөн. Биротоло акылга биринчи орун берип Куранды экинчи орунга койгонго, же Куранды биринчи орунга коюп акылды жеригендерге да кошулган эмес. Анткени адам өз акыл-эси менен адегенде кудайын таанып анан Курандын маанилерин түшүнөт. Ал эми Курандын маанилерин акылы менен ой жүгүртүп түшүнбөстөн тили менен жаттай берсе андан пайда ала албайт.

Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү калктын төрттөн бири мусулман болсо, алардын 48%ы ханафий мазхабында. Ханафий мазхабын Кытай, Индия, Египет, Иран, Пакистан, Ооганстан, Түркия, Балкан, Орусия, Кавказ жана Борбор Азия мусулмандары карманышат. Ал эми ханафий мазхабын карманган мусулмандардын дээрлик бөлүгү матуридий акыйдасында.

Кыргызстанга исламдын алгачкы ирет келиш тарыхы 751-жылдагы мусулмандар менен кытайлардын ортосундагы белгилүү

Талас согушу болуп саналат. Ошондон улам Кыргызстанга ислам динин миссионерлери келип динди жайылткан. Андан тышкары ошол убактарда өтүп турган Жибек Жолу аркылуу да мусулман кербендер тарабынан исламды жайылтышкан. Натыйжада ислам дини Кыргызстанда жашаган түрк урууларынын ортосунда жайыла баштайт. Ал эми X-к. аяк ченинде Кыргызстанда Карахандар каганатынын доорунда (X-XIIк.к.) ислам дини биротоло орногон. Анын биринчи башкаруучусу Сатук 943-жылы мусулман болуп "Абдулкерим" ысымын алат. Ал эми анын уулу Муса Байташ 955-жылы ислам динин каганаттын ырасмий дини кылып жарыялайт. Карахандардын күч алышы менен ислам дини бат эле жайылат. Тарыхый булактарында маалым болгондой 960-жылы көчмөндөрдүн эки жүз миң боз үйү мусулман болушса, арадан жүз жыл өтпөй 1043-жылы Баласагын менен Кашкар шарларынын айланасындагы көчмөндөрдөн он миң боз үйү, башкача айтканда бир миллиондон ашуун көчмөндөр мусулман болушкан.

Карахандар мезгилинде исламды кабылдаган отурукташкан жана көчмөн элдер тагдырдын буйругу менен ханафий мазхабын



карманышып, Кыргызстандын бардык аймагында жайылат да натыйжада ошол элдердин маданияты, каада-салты жана үрп-адаты менен камыр-жумур болуп салттуу динине айлана баштайт. Араб элдеринде Имам Маликтин, Шаафийдин жана Ханбалинин окуулары салттуу динге айланса, биздин даанышман ата-бабалардын тарыхый басып өткөн жолунда Абу Ханифанын окуусу алардын турмуштук жашоосунда терең орун алат. Ушул замандан тартып Борбордук Азияда ислам ренессансы пайда боло баштады десек болот. Анткени ислам дининин жайылуусу менен Кыргызстанда шаарлар өнүккөн, мечиттер, медреселер жана китепканалар салынган. Ошондой эле Бурана, Өзгөн мунарасы, Шах Фазилге окшогон ж.б. Борбор Азияда архитектуралык эстеликтер курула баштаган. Ошондой эле карахандардын доорунда ханафий мазхабына чоң салым кошкон Кыргызстандык Абу Бакр Серахси-Узгенди "Аль-Мабсут" – деген отуз томдук китебин калтырган. Анын бул эмгеги бүгүнкү күнгө чейин шарият илимдеринде актуалдуу болуп эсептелинет. Ал эми матуридий

акыйдасы боюнча бизге чейин жеткен Кыргызстандык Сиражудин Ошинин “Бадуль-Амалий” аттуу эмгеги имам Матуридинин акыйдасынын ыр түрүндө жазылган түшүндүрмөсү болуп эсептелинет. Андан тышкары Жусуп Баласагын “Кутадгу Билиги” аттуу эмгегин адабият жана мамлекетти башкаруу тууралуу калтырса, Махмуд Кашгари-Барскани “Диван лугат ат-Түрк” эмгегин түрк тилдеринин сөздүгү, адабияты жана тарыхы тууралуу маалымат катары калтырган.

Убакыттын өтүшү менен ислам дини кыргыздардын арасына да кеңири тарала баштайт. Көбүнесе ооз эки түрүндөгү макал-лакап, ыр түрүндөгү дивандар, тарбиялык маанайдагы жомоктор аркылуу кеңири жайылган. Бул көрүнүштү карахандар доорунда жашаган Кожо Ахмед Яссавинин шакирттерине берген насааттары аркылуу байкасак болот. Анын бизге жеткен муундары катары Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Алдаш Молдо, Нурмолдо, Жеңижок, Тоголок Молдо ж.б. чыгармалары аркылуу айкын көрө алабыз. Ал эми билим берүү тармагында болсо ханафий мазхабынын негизинде тек гана диний сабактар окутулуп келген. XIX-к. аягы XX-к. башында ханафий мазхабындагы татар агартуучуларынын келиши менен Кыргызстан аймагындагы медреселерде диний сабактар менен бирге математика, химия, биология, тарых, тил жана адабият сыяктуу сабактар өтүлө баштайт. Мындай диний окуу жайлардын болуусу жергиликтүү мусулмандардын аң-сезиминин ойгонушуна себеп болот. Натыйжада медресе өкүлдөрүнөн кыргыздын алгачкы интеллигенциясы калыптанып, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө чоң өбөлгө түзгөн. Алардын катарына А.Сыдыков, И.Арабаев, Т.Айтматов, К.Тыныстанов, Б.Солтоноев, О.Сыдык уулу ж.б. кирет.



Ата-бабалардын басып өткөн жолун жолдоо ар бир мусулман үчүн салт болуп эсептелинет. Анткени Кыргызстандагы өзүн мусулман эсептеген ар бир адам, имам Абу Ханифа үйрөтүп кеткен тариздеги намаз окуу жана башка диний жөрөлгөлөрдү аткаруу менен улуулардын айткан насааттарына жана тажрыйбаларына ээ болушкан. Ошондуктан мусулмандардын улуу руханий мурасына жана даанышмандыгына ээ болгон соң, биздин коомчулук ажарым алып келе турган башкалардын салттарына жана окууларына

муктаж эмес. Андыктан динибиздин салттуу баалуулуктарын, адам укуктарын, жашоо эркиндигин ачык түрдө жайылтуубуз шарт. Ошону менен катар эле бейпил жашоону көксөгөн адамдардын мүдөөсүнө тилектештикти ачык билдирүү талапка ылайык. Мамлекет тарабынан колдоого алынган динибиздин бул баалуулуктарын эч ким жокко чыгара албайт.

## РАДИКАЛИЗМ, ЭКСТРЕМИЗМ ЖАНА ТЕРРОРИЗМ ТҮШҮНҮКТӨРҮ

Бүгүнкү күндө уюмдардын радикалдуу, деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүгүнө түрдүү аныктамалар айтылып келет. Бул көрсөтүлгөн ишмердүүлүктү анализдөө жана карама-каршылык көрсөтүү процессиндеги теоретикалык, практикалык катыштар менен түздөн-түз байланыштуу.

Ошондой болсо да, бул терминдерди колдонууда жана аны түшүнүүнүн кээ бир чектөөлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот. **Радикализм** тууралуу сөз кылууда кабыл алуунун же кандайдыр-бир иш-аракетти чечмелеп берүү катары бул сөздүн түпкү маңызын түшүнүү керек. Мисалы, кээ бирлер өздөрүн дин өкүлү катары көрсөтүү менен светтик мамлекеттин принциптерин диний уюмдарга бөгөт катары кабыл алышат жана мамлекеттин мыйзамдарын, адамдардын пикирлери, коомдук түзүлүш, салттары менен эсептешпей, диний ырым-жырымдарды өтө кылдаттык менен аткарууга далалат кылышат. Мындай учурда адам аң-сезимине баш ийбей, чектен ашып кетет деп айтылат.

Бирок радикалдашуу деңгээли ар түрдүү жана мамлекетке же коомго, адамга коопсуздук жаратып жаткандыгынан көз каранды болот. Адам радикалдуу түрдө ой жүгүртүп, талкуулай алат, бирок иш жүзүнө келгенде өтө чектен ашкан чечимдерди кабыл алуудан оолак болот.

Коом жана мамлекет үчүн радикалдуу идеялардын пратикалык түрдө ишке ашуусу негизги коркунуч алып келет. Мындай учурларда идеялардын радикалдуулугу идеялык негизди түзүүгө шарт түзөт жана аларды иш жүзүнө ашырууга умтулуу пайда болот. Бул жагдайда биз деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүк тууралуу сөз кыла баштайбыз.

**Фундаментализм** түшүнүгү да тигил же бул окууга же практиканын фундаменталдык негизине таянат жана алардын

пайда болуу мезгилиндеги абалындай, салттардын, жашоонун өзгөрүүсүн эске албастан кабыл алууну жактайт. Мисалы, бүгүнкү күндө башка дисциплиналардын өнүгүшүнө негиз болгон жана алардын убакыттын өтүшү менен классикалык түшүнүгүн жана камтуусун өзгөрткөн фундаменталдык илимдер тууралуу сөз кылууга болот.

Диний фундаментализм тууралуу сөз кылып жатып диний нормаларды (канондорду), кабыл алууну кароо керек, мында алар пайда болгондон баштап өзгөргөн жагдайды эске албастан, ошол мезгилдин шарттарында: 1000-2000-ж. мурунку социалдык-маданий, экономикалык, технологиялык жана саясий өнүгүүнү талдап чыгуу керек. Мындай катыш кабыл алууда коомдун өнүгүү процессин четке кагат жана адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн шарттарында, кээ бир фундаменталдык диний принциптерди практикалык жактан иш жүзүнө ашырууда мамлекеттин жүргүзүп жаткан мыйзамын бузууга алып келиши толук ыктымал.

Экстремизм түшүнүгүн кароодо негизги көңүл радикалдуу же фундаменталдуу идеялардын практикалык иш жүзүнө ашыруусуна бурулат. Ал коюлган максатка аргасыз методдорду же колдонулбай турган ыкмаларды колдонуп жетүүгө умтулат. **Экстремизм** (лат. extremus – четки) – бул коомдогу норма менен эреже-лерди четке кагуу же алардан оолактоо дегенди билдирет жана коюлган максатка жетүү үчүн зордук-зомбулук ыкмалар аркылуу жетүү дегенди билдирет.

Бүгүнкү күндө экстремизм тууралуу сөз кылууда кандайдыр бир максатка, ишмердүүлүккө, мыйзамсыз максаттарга жетүү үчүн мыйзамсыз иш-чараларды жүргүзүүгө багытталган аракеттер-ди да кошууга болот. Мындай талкуулоолор зордуксуз, зордук-зомбулук менен коштолгон экстремизм түшүнүктөрүн да билдирет, бул эки учурда мыйзам бузуу болот жана ал мыйзам бузуулар үчүн жоопкерчилик тартуу каралат.



Советтик доордон кийинки мезгилдеги экстремизм түшүнүгүн карап жатып, 2001-жылы 15-июнда Шанхайда болуп өткөн терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөшүү тууралуу Конвенциясынан мисал келтирүүгө болот.

Конвенциянын маалыматтары боюнча, "экстремизм – бул бийликти зордук менен кармап туруу үчүн же зордук менен өзгөртүү үчүн, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн зордук менен өзгөртүүгө багытталат, коомдук коопсуздукка зомбулук менен кийлигишүү, анын катарында мыйзамсыз куралданган түзүмдөрдү түзүү жана аларга катышуу да кирет."

Кыргызстандын укук коргоо уюмдары экстремизм түшүнүгүн коомдогу болуучу нормалар менен эрежелерди четке каккан чектен ашкан көз караштар жана иш-аракеттер катары карашат.

Бул кайсы гана коом үчүн болбосун коркунучтуу кубулуш болуп эсептелет. Ал Кыргыз Республикасынын мамлекеттик биримдигин жана коомдук коопсуздугун бузат, конституциялык түзүлүшүнүн негиздерине коркунуч жаратат. Экстремизмдин базалык негизи болуп идеялык маңызга толгон агрессивдүүлүк эсептелет.

Экстремисттик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө: диний экстремизм, саясий экстремизм, диний-саясий экстремизм, улутчулдук экстремизм кирет. Бул бөлүштүрүү шарттуу болуп эсептелет, ошентсе да, маңызында терс көз караштардын катуу идеяларын колдонууга жана коомчулукта дин жаатында салттуу түзүлүшкө карата, калктын саясий, этникалык курамына негизделет.

Кыргызстандагы экстремисттик ишмердүүлүк түшүнүгүн тагыраак аныктоо  Кыргыз Республикасынын "Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы иш жүргүзүү тууралуу" мыйзамынын алкагында берилген.

Ал эми терроризм түшүнүгүнө келе турган болсок, бул процесс жалпы кабыл алынган аныктамага ээ болбой тургандыгын белгилөөгө болот.

Террористтик актыларынын өзү эле экстремизмдин категориясына кирет. **"Терроризм"** термини террор – коркутуу сөзүнөн келип чыккан, ал "террористтик актты ишке ашыруунун объектисин коркутууга багытталган зордук методу катары аныктайт. Ошентип, терроризм террордун саясаты же тактикасы болуп саналат.



Бүгүнкү күндө терроризм, саясий терроризм жана эл аралык терроризм деген түшүнүктөр бар. Алар саясий максаттын жоктугу ошондой эле чет өлкөлүк компоненттердин процессинде болушу менен мүнөздөлөт (максаттарда, объекттерде, катышуучуларда же терракт өтүүчү жерде).

Терроризм жаатында белгилүү англиялык эксперт Пол Вилкинсон саясий терроризмге өз саясий талаптарынын мүдөөлөрүнө жетүү үчүн адамды, бир нече адамдардан турган топторду, коомду коркутуу аркылуу жасалган бир катар кыйратууларды, коркутуу, өлтүрүүлөрдү, системалык актыларды киргизет.

Жөнөкөй сөз менен айтканда, терроризм – бул зордук көрсөтүү аркылуу мамлекетти же коомду коркутуунун тактикасы.

Зомбулуктун бул түрүндө объект аныкталбайт жана ал каалаган адам болуп калышы мүмкүн. Терроризм тактикасынын негизги максаты коомдо башаламан абалды жаратып, социалдык-саясий жагдайды бошоңдотуп, мамлекетти репрессияны күчөтүүгө мажбурлоо, ошентип, куралданган конфликтти өнүктүрүү үчүн жагымдуу жагдай түзүү эсептелет. Ошондуктан, көптөгөн экстремисттик уюмдар терроризмдин тактикасын гана өз максаттарына жетүү үчүн колдонуп келишет.

“Экстремизм” жана “терроризм” аныктамаларынан сырткары деструктивдүү ишмердүүлүк түшүнүгү да бар, ал сөздүн кеңири маанисинде мамлекет менен коомдун, адамдын коопсуздугун бузууга багытталган мыйзамдуу жана мыйзамсыз ишмердүүлүгү катары колдонулат.

Бул аныктама кеңири кулач жайган жана кең мааниде алганда өзүнө экстремисттик жана террористтик уюмдардын деструктивдүү ишмердүүлүгүн камтыйт.

Ошентсе да көпчүлүк учурда практикада деструктивдүү ишмердүүлүк түшүнүгү социалдык-саясий абалды туруксуздандыруу боюнча экстремизм менен терроризмдин деңгээлине жетпейт.

Мисалы, деструктивдүү, экстремисттик же террористтик уюмдардын ишмердүүлүктөрүн тыюу бонча соттук чечимдерди негиздөөдө айырмачылыктар бар. Буга байланыштуу Кыргызстанда диний чөйрөдө мамлекеттин саясатынын жаңы концепциясынын чегинде төмөнкү аныктамалар бар, деструктивдүү диний уюмдар, уюм катары диний максатта ишке ашат жана атуулдардын, адамдардын эркиндигине коркунуч келтирет, коомдогу калыптанган салтка, түзүлүшкө бөгөт болот.

## ЭКСТРЕМИСТТИК АГЫМДАРДЫН ИДЕОЛОГИЯЛАРЫ: ЧЫНДЫКПЫ ЖЕ ЖАЛГАНБЫ?

Ар бир кызыкчылыкты көздөгөн топтун, тайпанын же партиянын белгилүү максаты болгондой эле, ислам динине жамынып алып иш алып баргандардын да саясий же маданий максаттары бар. Бүгүнкү күндө динди бурмалаган радикалдуу агымдар исламдын баалуулуктарын өздөрүнүн максаттарын ылайык колдонуп келишет. Ошол себептен дүйнөдө болуп жаткан акыркы убактагы экстремизм жана терроризм деген терминдердин ислам дини менен барабар айтылып жатканы абдан өкүнүчтүү.

Ислам дини – тынчтыктын, ынтымактын чындыктын, адилеттүүлүктүн дини. Ислам – деген сөз араб тилинен "салам" деген уңгудан келип, тынчтык деген маанини билдирет. Ошондуктан Мухаммед пайгамбар өзүнүн айткан осуят сөзүндө: "Бири-бириңердин ортоңордо салам айтып жүргүлө" – деп айткан. Араб тилиндеги "Ассалоому алейкум" – деген сөздүн мааниси "Сизге тынчтык болсун" деген маанини туюндурат. Дагы бир башка осуятында: "Мусулман – бул башкаларга тили жана колу менен тынчтык жасаган адам" – деп айткан.

Демек ислам дини тынчтыктын дини, ал эч кандай ашынып чектен чыгып кетүүнүн (эктремизм) жана башканы коркутуп үркүтүүнүн (терроризм) дини эмес. Андыктан исламга жамынган экстремисттик топтордун тынчтыкты бузуп акыйкат динди бурмалап жатышкандыгы, жана аны менен бирге өздөрүнүн пикирлеринде саясий идеологиялык жомокторду ойлоп чыгарып алдыга коюшууда.



Мындай акыйкатсыз идеологиялардын негизгилеринен болуп такфир, башкача айтканда адамга каапырдык күнөөсүн коюу кирет. Экстремисттик агымдар такфир дооматы менен мусулман адамды да күнөөлөшөт. Тагыраак айтканда өзүн мусулман эсептеген адам намаз окубаса, орозо кармабаса, күнөө кылса же башка диндегилер менен мамиле түзсө ага каапырдык дооматын коюу болуп саналат. Ислам дининде мусулман башка мусулманды каапыр деп айтууга укугу жок.

Мындай өкүмдү чыгарууга жараткан Алла Тааланын гана укугу бар. Бул жөнүндө Мухаммед пайгамбардын башканы каапыр деп айтуусуна тыюу салган осуяттарын унутуп коюшкан.

Бүгүнкү күндөгү көпчүлүк экстремисттик топтордун идеологиясында жихад түшүнүгү да саясий максаттарга жетүү үчүн туура эмес мааниде колдонулуп келүүдө. Жихад – бул бул адамдын өзүнүн каалоосу менен жана коомдогу адилетсиздик менен күрөшүү, ошондой эле Алла Тааланын динин жайылтуу ишиндеги аракеттенүү жана баскынчыларга, душмандарга каршы согушуу, мекенди коргоо ар бир мусулманга милдеттүү болгон куралдуу күрөш. Экстремисттердин оюу боюнча алар менен келишпеген бардык адамдарга, жада калса мусулмандарга да такфир дооматы коюлуп душманга (каапырга) айланат. Мындай ойлоп табылган жомоктун негизинде алар өз катарларын ушундай пикирлер менен суугарылган жаштар менен толуктап, дүйнөнүн булуң-бурчунда жихадга чакырышууда. Булардын мындай ашынган пикирлерин тең бөлүшпөгөн башка мусулмандар “исламдын душманы” же каапырлар катары жарыяланып аларга каршы “ыйык согуш” – жихад жарыялануда. Динди бурмалаган экстремисттик топтордун оюн тең бөлүшпөгөн башка мусулмандарды каапырлар менен болгон достугу үчүн, алардай кийингендиги үчүн, алардай жашоо шартында жүргүзгөнү үчүн, ошондой эле демократия жолуна түшкөнү үчүн да күнөөлөп келишет. Мындай уюмдардын негизги максаты “Исламдын душмандарын” канын төгүү, жок кылуу бир тартипте жана уюшкандуулук менен жихад жолунда өткөрүлүшү керек. Натыйжада окуянын мындай абалга өтүшүн азыркы убакта террористтик кадамга барган топтордон байкалат. Бирок терроризм менен исламдын эч кандай байланышы жок. Анткени мусулман террорист боло албайт жана террорист мусулман боло албайт. Ал эми өздөрүн мусулман деп башкаларды коркутуп-үркүтүп жүргөндөр исламдын чыныгы баалуулуктарын билишпейт.

Мындай туш келди сырттан келген экстремисттик агымдардын негизсиз идеологиялары элибиздин кылымдар бою жыйнаган маданий мурасы менен улуттук баалуулуктарын ойрон кылууга багытталган. Ал эми маданиятынан жана руханий байлыгынан айрылган элдин келечеги жок эмеспи. Ошондуктан мамлекет тарабынан колдоого алынган ханафий мазхабы менен матуридий

акыйдасы эсептелген салттуу исламды сактап калуу алдыңкы милдеттерден болуп олтурат. Эгерде биз бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып динибизди сактап калсак, чектен чыгууга, коркутуп-үркүтүүгө негизделген диний фанатизм жана элди жиктеп бөлүп жаткан терс идеологиялардын чабуулуна каршы тура алабыз.

## ИСЛАМ ЧЫДАМКАЙЛУУЛУКТУН, ЫНТЫМАКТЫН ЖАНА БИРИМДИКТИН ДИНИ

Көпчүлүк Ислам динин терс маанисинде кабыл алышат. Негизинен Ислам позитивдүү мазмунга ээ жана анын канондору демократия институтунун принциптерине каршы келбейт. Исламдагы укук, светтик укукка караганда кудайды түздөн-түз таануу менен айырмаланат. Ислам жана светтик моделдин максаттарынын айырмачылыгына караганда окшоштук жактары көбүрөөк.



Ислам динге ишенүүчүлөрдү адамзаттын жаркын сапаттарын расага, жыныска, динине, улутуна карабай өркүндөтүүгө чакырат. Дүйнөнүн 24,5% гана жакынына сый-урмат көрсөтүү, топук кылуу, боорукердик ж.б. камтыган бул динди тутунушат.

Ислам – адамды жана анын эркиндигин коргоочу дин. Ал конфликттерди жана карама-каршылыктарды жактырбайт. Ынсапсыздыкка жол бербейт. Ислам террорго, зомбулукка тыюу гана салбастан, бир адамдын экинчи адамга пикирин таңуулашына терс мамиле кылат.

Мусулман Куран менен Сүннөткө шайкеш тарбияланса, светтик, диний билимдерди бирдей  алса, камкордук менен сый мамилени жогору коюп, четте калбай ортодо болуу менен бирге билимге, өзүн-өзү тарбиялоого умтулат.

Адамзаттык баалуулуктар менен принциптер бир катар эрежелер менен шайкеш жашап келет. Алар бири-бирисиз жашай албаган карым-катышта болот. Биздин сиздер менен болгон милдетибиз, маселебиз максатка жетүүнүн жолдорун аныктоо. Бүгүнкү күндө жаш муундарга жакшы шарттар түзүлүшү керек жана ал шарттар Кыргызстандын ар бир  атуулунун динге, мамлекетке болгон мамилесин калыпка салуусу керек. Анткени

адамдардын ар дайым суроолорго көркөм адабияттардан, окуулардан, ыйык жазуулардан жооп издөөсү келечектеги прогрессивдүү инсанды тарбиялоого жол ачат.

## КОРУТУНДУ

Жыйынтык чыгарып жатып, өлкө либералдык чөйрө менен камсыз болуп, динге ишенүүчүлүк жана эркиндик өкүм сүрүп жаткандыгын белгилеп кетүү керек. Бирок мамлекеттин диний чөйрөгө кийлигишпөөсү акыркы жылдарда Кыргызстанда өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч келтирген радикалдуу идеологиялардын, түрдүү диний агымдардын пайда болушуна алып келди. КРнын дин саясатын реформалоо өлкөдө деструктивдүү жана экстремисттик диний ишмердүүлүктүн жайылышына бөгөт коюуга багытталат. Бул процесстин алкагында Кыргызстандагы ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан диний уюмдар менен агымдар тууралуу маалыматтар иштелип жатат, ал маалыматтар өз ишмердүүлүгү боюнча катталган жана катталбаган, уруксат берилген жана тыюу салынган болуп бөлүнүшөт.

Бүгүнкү күндө диний эффективдүү саясатты ишке ашыруу радикалдуу жана экстремисттик диний уюмдар менен маалыматтык тирешүү менен коштолот, алар атуулдарга өз идеяларын таңуулашат.

Радикалдуу жана экстремисттик диний уюмдардын идеологиясы ислам динине жамынып алып, «капырларга» каршы зордукка үгүттөө менен халифаты куруyга чакырык таштоо. Бул чакырыктар жана динди талкуулоолор Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен светтик принцип-теринин бузулушуна алып келет, эң башкысы тынчтыктын жана акыйкаттуулуктун дини болгон ислам дининин баалуулуктарын одоно түрдө бурмалайт.

Бул колдонмо мугалимдер жана окуучуларга дин жаатындагы суроолорго жооп табууга, келечекте экстремисттик кыймылдарга кирип кетүүнүн алдын алуу үчүн дин маданиятынын маңыз-мазмунун айырмалоого жардам берет деген үмүттөбүз. Мамлекеттин, коомдун дин өкүлдөрүнүн биримдик иш-аракети гана өлкөдө туруктуулуктун жана коопсуздуктун орношуна өбөлгө болуу менен Кыргызстандагы дин саясатынын оң жыйынтыктарын көрсөтөт.